# ЖОГОРКУ КЕҢЕШ – КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ПАРЛАМЕНТИ

**АРАБАЕВ Р.А.**

*Национальная академия наук Кыргызской Республики*
**УДК 342.2**

***Аннотация:*** *Бул макалада Жогорку Кеңештин Кыргыз Республикасынын парламенти катарында социалдык, анын ичинде саясий-укуктук макамы каралган. Аны менен бирге, Жогорку Кеңештин парламент катары салттуу өкүлчүлүк, мыйзам чыгаруу жана контролдук функцияларынын укуктук негиздери талдоого алынган.*

***Аннотация:*** *В данной статье рассмотрен социальный, в том числе политико-правовой статус Жогорку Кенеша в качестве парламента Кыргызской Республики. Вместе с тем, подвергнуты анализу традиционные представительские, законодательные и контрольные функции Жогорку Кенеша как парламента.*

***Abstract:*** *The article also discusses social status, including political and legal status of Jogorku Kenesh as a parliament of the Kyrgyz Republic. Along with that, traditional, legislative and supervisory functions of the Jogorku Kenesh as a parliament were also subject to analysis.*

***Урунттуу сөздөр****: депутат; Жогорку Кеңеш; мыйзам чыгаруу функциясы; контролдоо функциясы; Кыргыз Республикасы; парламент; парламентаризм; өкүлчүлүк функциясы; саясий макам; укуктук макам.*

***Ключевые слова****: депутат; Жогорку Кенеш; законодательная функция; контрольная функция; Кыргызская Республика; парламент; парламентаризм; представительная функция; политический статус; правовой статус.*

***Key words****: deputy; Jogorku Kenesh; legislative function; control function; Kyrgyz Republic; parliament; parliamentary system; representative function; political status; legal status.*

Заманбап парламенттин* пайда болушун XIII-XIV кылымдарда Англияда болуп өткөн окуяларда королдун бийлигинин ири феодалдардын, жогорку дин кызматчыларынын, шаарлардын жана айылдардын жамааттарынын өкүлдөрүнүн жыйындарында чектелгендиги менен байланыштырып келишет[1].

Парламент бүгүнкү күндө негизинен мамлекеттин өкүлчүлүктүү жана мыйзам чыгаруучу орган катары таанылат.

Парламентти өкүлчүлүктүү орган катары кабыл алуу анын эл өкүлдөрү болуп саналган депутаттардан тураары менен түшүндүрүлөт. Башкача айтканда, эл эгемендиктин ээси жана мамлекеттик бийликтин булагы катары өз өкүлдөрүн-депутаттарды парламентке шайлайт да, аларга бул мамлекеттик коллегиалдык органда элдин атынан жүзөгө ашыруучу бийликтик укуктарды ыйгарат. Натыйжада, парламент бүт бойдон элдин өкүлчүлүктүү органы болуп, анын атынан чыгуу менен бирге, өз ишмердүүлүгүндө элдин эркин чагылдырып, анын кызыкчылыктарын коргойт. Демек, парламентти элдин эрки менен кызыкчылыктарынын көрсөткүчү катары таануунун негизинде анын өкүлчүлүктүү табиятынын маани-маңызы жатат[2, 20-21-б.].

Ал эми парламентти мыйзам чыгаруу органы деп таануу анын кароосусуз жана колдоосусуз мамлекеттин бир да мыйзамы кабыл алынбайт дегенди билдирет.

Ошентип, *парламент – бул ишмердүүлүгүнүн негизги мазмунун мыйзамдарды ж.б. мыйзамдык актыларды кабыл алуу түзгөн жалпы мамлекеттик өкүлчүлүктүү орган.*

Мыйзам чыгаруу бийлигинин өзү мыйзамдарды ж.б. мыйзамдык актыларды кабыл алуу боюнча ыйгарым укуктардын жыйындысын туюндурат[3].

Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 70-беренесинин 1-бөлүгүндө “Жогорку Кеңеш – Кыргыз Республикасынын парламенти – мыйзам чыгаруу бийлигин

---

*“Парламент” француз тилиндеги “parler” (“сүйлөө”) деген сөздөн келип чыккан.

жана өз ыйгарым укуктарынын чегинде контролдук кылуу милдеттерин жүзөгө ашыруучу өкүлчүлүктүү жогорку орган болуп саналат" деп жазылган.

Бул конституциялык аныктамадан, биринчиден, Жогорку Кеңештин өкүлчүлүктүү табияты менен бирге, анын социалдык маани-маңызын, экинчиден, Жогорку Кеңештин парламент катары салттуу өкүлчүлүк, мыйзам чыгаруу жана контролдук функцияларын, үчүнчүдөн, Жогорку Кеңештин укуктук макамынын конституциялык негиздерин көрүп турабыз.

Парламенттин социалдык маани-маңызы эл бирден-бир булагын түзгөн мамлекеттик бийликтин органы катары мүнөздөгөн максаттары, милдеттери жана өз ишмердүүлүгүн уюштуруунун негизги принциптери менен түздөн-түз байланышкан. Кайсы гана парламент болбосун (албетте кеп заманбап демократиялык өлкөдөгү парламент жөнүндө болуп жатат), аны негизги милдети – элдин атынан жана эл үчүн мыйзам чыгаруу. Жалпы мамлекеттик орган болуп туруп, Жогорку Кеңеш өз чечимдеринде (ал мыйзам болобу же башка ченемдик укуктук акт болобу) Кыргызстан элинин мамлекеттик эркин чагылдырып, аны жалпы милдеттүү мүнөзгө ээ кылат. Ушунун өзү Жогорку Кеңештин парламент катары социалдык маани-маңызын туюндурат[1].

Жогорку Кеңештин өкүлчүлүк, мыйзам чыгаруу жана контролдук функциялары бири-биринен өз ара көз каранды болуп шартталып, ошол эле учурда бири-бирин өз ара толуктоо менен бирге, анын парламент катары маани-маңызын ачып көрсөтүшөт. Бул функцияларынын мындай тыгыз байланышы биринчи кезекте Жогорку Кеңешти өзгөчө контролдук функцияга ээ, өкүлчүлүктүү жана мыйзам чыгаруучу орган катары таанууну шарттайт. Бир жагынан, мыйзам чыгаруу бийлигин жүзөгө ашырууда Жогорку Кеңештин фундаменталдык касиети – өкүлчүлүк – орун алса, экинчи жагынан, дал ушул өкүлчүлүк касиети Жогорку Кеңешке Кыргызстан элинин эгемендүү эркин чагылдыруу, эң маанилүү коомдук мамилелерди мыйзам кабыл алуу жолу менен жөнгө салуу, аткаруу бийлигин органдары менен кызмат адамдарынын мыйзамдарды аткаруу боюнча ишмердүүлүгүн контролдоо милдеттерин жүктөйт.

Ошентип, *Жогорку Кеңеш – Кыргыз Республикасынын парламенти – Кыргызстан элинин эгемендүү эркин чагылдыруучу, эң маанилүү коомдук мамилелерди мыйзамдарды кабыл алуу жолу менен жөнгө салууну көздөгөн, аткаруу бийлигинин органдары менен кызмат адамдарынын ишмердүүлүгүн контролдоону жүзөгө ашыруучу элдик өкүлчүлүктүн эң жогорку органы*.

Ошону менен бирге, Жогорку Кеңеш мамлекеттин негизги функцияларынын бири болгон мыйзам чыгаруу ишмердигин жүзөгө ашыруучу мамлекеттик орган болуп да саналат.

Жогорку Кеңешти өкүлчүлүктүү орган деп таануу Кыргызстан элинин бийлигин уюштуруунун жана жүзөгө ашыруунун төмөнкү негиз салуучу конституциялык принциптери менен ченемдеринен келип чыгат (2-, 3- жана 5-бер.).

Биринчиден, Кыргызстандын эли эгемендиктин ээси жана Кыргыз Республикасындагы мамлекеттик бийликтин бирден-бир булагы болуп саналат. Бул деген Жогорку Кеңеш мамлекеттик орган катары бийликтин ыйгарым укуктарын жүзөгө ашыруу мандатын Кыргызстандын элинен алаарын билдирет.

Экинчиден, Кыргызстандын эли өз бийлигин Конституциянын жана мыйзамдардын негизинде түздөн-түз шайлоолордо жана референдумдарда, ошондой эле мамлекеттик органдардын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын системасы аркылуу жүзөгө ашырат. Ал эми Жогорку Кеңеш – Кыргызстандын элинин бийлигин жүзөгө ашыруучу мамлекеттик органдардын бири.

Үчүнчүдөн, мамлекет жана анын органдары коомдун  кайсы бир бөлүгүнө эмес, бүткүл коомго кызмат кылат. Бул жобо Жогорку Кеңештин мамлекеттик орган катары Кыргызстандын эли түзгөн бүткүл коомуна кызмат кылаарын белгилейт.

Төртүнчүдөн, Кыргыз Республикасында мамлекеттик бийлик:

- бүткүл эл тарабынан шайланган Жогорку Кеңеш жана Президент өкүл болгон

жана камсыз кылган элдик бийликтин үстөмдүгүнүн;

- мамлекеттик бийликти бөлүштүрүүнүн;

- мамлекеттик органдардын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын эл алдындагы жоопкерчилигинин жана ачыктыгынын, өз ыйгарым укуктарын элдин кызыкчылында жүзөгө ашыруусунун;

- мамлекеттик бийлик органдарынын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын иш милдеттери менен ыйгарым укуктарын так ажыратуунун принциптерине негизденет.

Бул мамлекеттик бийликтин конституциялык принциптери Жогорку Кеңештин өкүлчүлүктүү табиятын, социалдык маани-маңызын жана анын ишмердүүлүгүнүн принциптерин аныкташат.

Бешинчиден, Кыргызстандын элинин атынан ал шайлаган Жогорку Кеңеш жана Президент гана чыга алат. Ушундан улам, Жогорку Кеңештин өз компетенциясынын чегинде мыйзамдарды ж.б. чечимдерди кабыл алуу менен бирге, аларда Кыргызстандын элинин эркин чагылдырып, анын кызыкчылыктарын коргогондугунан элдин атынан чыга алат.

Кыргыз Республикасынын Конституциясы бүткүл эл тарабынан шайланган Жогорку Кеңеш жана Президент өкүл болгон жана камсыз кылган элдик бийликтин үстөмдүгүн бекитет (3-бер.). Ага ылайык, Жогорку Кеңеш биринчи кезекте мамлекеттик бийлик негизденген элдин бийлигинин өкүлү болот да аны камсыз кылат. Демек, Жогорку Кеңештин ишмердиги бүт бойдон дал ушул конституциялык укук менен милдетти ишке ашырууга багытталышы керек.

Жогорку Кеңештин парламент катары ушундай конституциялык миссия аткаруусунан улам, Конституция Жогорку Кеңеш мыйзам чыгаруу бутагын көрсөтүп, мамлекетте мыйзам чыгаруу бийлигин жүзөгө ашыраарын, өз ыйгарым укуктарын Кыргызстан элинин кызыкчылыгында пайдаланып, Кыргызстан элинин алдында жоопкерчилик тартаарын белгилейт.

Жогорку Кеңешти мыйзам чыгаруу органы катары таануунун конституциялык негиздери 3-беренеде (Кыргыз Республикасында мамлекеттик бийлик аны бөлүштүрүүнүн принцибине негизденет), 74-берененин 2-бөлүгүндө (Жогорку Кеңеш Конституцияга өзгөртүүлөрдү киргизет, мыйзамдарды кабыл алат), 80-беренеде (мыйзам долбоорлору Жогорку Кеңешке киргизилет, мыйзамдар Жогорку Кеңеш тарабынан кабыл алынат), 81-беренеде (Жогорку Кеңеш тарабынан кабыл алынган мыйзам Президентке кол коюу үчүн жиберилет) бекитилген.

Жогорку Кеңештин конституциялык-укуктук макамы Жогорку Кеңештин компетенциясын аныктаган, Жогорку Кеңештин ички түзүлүшүн, Жогорку Кеңештин депутатынын укуктук абалын, Жогорку Кеңештин түзүлүү жана анын ишмердүүлүгүн уюштуруу тартиптерин жөнгө салган конституциялык-укуктук жана парламенттик-укуктук принциптер менен ченемдердин биргелешкен, өз ара байланышынын негизинде куралат. Ушундан улам, Жогорку Кеңештин конституциялык-укуктук макамын түзгөн принциптер менен ченемдер бирдиктүү система катары кабыл алынат.

Демек, *Жогорку Кеңештин конституциялык-укуктук макамы деп, анын социалдык маани-маңызын жана мамлекеттик бийликтин органдарынын конституциялык системасындагы ордун мүнөздөгөн конституциялык-укуктук принциптер менен ченемдердин системасын айтабыз*.

Жогорку Кеңештин конституциялык-укуктук макамы өзүнчө татаал түзүмдөн турган комплекстүү институт катары каралып, анын укуктук жөнгө салуу предмети төмөнкү курамдык бөлүктөрдү камтыйт:

-Жогорку Кеңештин парламент катары конституциялык-укуктук түшүнүгү;

-Жогорку Кеңешти түзүү тартиби;

-Жогорку Кеңештин компетенциясы (анын функциялары жана ыйгарым укуктары);

-Жогорку Кеңештин депутатынын макамы;

-Жогорку Кеңештин ишмердүүлүгүн уюштуруу тартиби (анын ичинде ички түзүлүшү, ишмердүүлүгүнүн принциптери, формалары жана жол-жобосу[*]).

Жогорку Кеңеш дайыма аракетте болуучу, башкача айтканда, өз ишмердигин үзгүлтүксүз алып баруучу жана профессионалдуу парламент болуп эсептелет.

Кыргыз Республикасынын Конституциясында бул жөнүндө так айтылбаганы менен, анын 70-беренесинин 2-бөлүгүнүн, айрыкча 71-беренесинин 3-бөлүгүнүн жоболору Жогорку Кеңешти дайыма аракетте болуучу орган катары мүнөздөшөт. Алар менен катар, Конституциянын 70-, 71, 72- жана 73-беренелеринин жоболору да тастыкташат. Аларда бекитилген жоболордун мааниси Жогорку Кеңештин депутатынын 5 жылга шайланаарын жана туруктуу, профессионалдуу негизде иштээрин, депутаттын ыйгарым укуктары ал шайланган чакырылыштагы Жогорку Кеңештин ыйгарым укуктары менен бирге токтолоорун туюндурат.

Ошону менен бирге, Конституцияда каралган учурларда Жогорку Кеңештин ишмердиги убактылуу гана токтотулушу мүмкүн. Бирок, андай шартта да тез арада Жогорку Кеңештин ишин кайра улантуу боюнча конституциялык чаралар көрүлөт. Алсак, Жогорку Кеңеш өзүн өзү таркатуу жөнүндө чечим кабыл ала алган учурда, Президент Жогорку Кеңеш өзүн өзү таркаткан күндөн тартып беш күндүк мөөнөттө мөөнөтүнөн мурда шайлоолорду дайындайт. Мөөнөтүнөн мурда шайлоолор дайындалгандан тартып 45 күндөн кечиктирилбестен шайлоолор өткөрүлүшү керек (64-, 78-бер.).

Мамлекеттик бийликти 3 бутакка бөлүштүрүү принцибине ылайык, Жогорку Кеңешке мыйзамдарды ж.б. мыйзамдык актыларды иштеп чыгуу жана кабыл алуу боюнча өзгөчө роль ыйгарылган. Ал кабыл алган актылардын негизинде мамлекеттин түзүлүшүнүн жана иш-милдеттерин аткарышынын укуктук чектери, коомдук мамилелердин укуктук жөнгө салынышы камсыз кылынат. Ошол эле учурда, Жогорку Кеңештин өзүнүн түзүлүшү жана анын ыйгарым укуктарынын жүзөгө ашырылышы да мыйзамдарда бекитилген укуктук талаада жүргүзүлөт.

**Литература:**


1. Арабаев А., Арабаев Р., Береналиева А. Парламентское право Кыргызской Республики. – Бишкек: КНУ, Юрид. ин-т, 2013.
2. Арабаев А.А. Законодательная власть, законодательный акт, законотворчество. – Бишкек: ИФП НАН КР, 2003.
3. Арабаев А.А., Арабаев Р.А. Кыргыз Республикасынын Конституциялык укугу: Жалпы жана Өзгөчө бөлүктөрү: Окуу китеби. – Бишкек: КУУ, Юрид. ин-т; Кырг.-Рос. билим берүү академ., 2014.


[*] Расмий тилде “процедура” деп айтылат.